## 3.Корутунду:

Мектептин ишмердүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде аныкталган жетишкендиктер:

1. Мектептин ишин жөнгө салуучу ички локалдык актылар Мамлекеттик стандартка жана билим берүүнүн мыйзамдарына жооп берет.

2. Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү. Окуу-методикалык пландар жыл сайын Өзгөн райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилет. Мамлекеттик стандартка, талаптарга жана керектөөчүлөргө ылайык келет. Ата-энелердин суроо талаптарына, муктаждыктарына жана алардын керектөөсүнө ылайык окутуунун мамлекеттик стандартындагы баскычтарына шайкеш келген билим берүүнүн жана бүтүрүүчүнүн модулу катары үлгүдө иш алынып барылат. Буга негиз болуп окуу жылынын жыйынтыгы менен мектептин билим берүүсүнүн алсыз жана күчтүү жактарын талдоо менен жаңы окуу жылына карата окуучулардын жана ата-энелердин суроо талаптарына жараша мектеп компонентинин, ийрим иштеринин приоритеттүү предметтерге бөлүнүп берилиши каралган.

3. Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу- методикалык адабияттардын фонду) болушу. Бир компьютердик классы (жалпы компьютердин саны 15 даана, жетишээрлик эмес) 1 интерактивдүү доска, 3 принтер, 2 сканер, 3 проектор, жогорку ылдамдыктагы оптоволокно интернетине кошулуп КРББиМ тарабынан каржыланат. Башталгыч класстар үчүн (ЮСАИД) тарабынан “Бирге окуйбуз”, “Окуу керемет” долбоорлору ишке кирип кабинеттер жасалган. Окуу залында жалпы китеп окуу үчүн 15 орун каралган. Жалпы мектепте китепкана фондунда 10610 китеп бар. Анын ичинен предметтик окуу китептер 7125.
Жалпы класстардын предметтик окуу китептери менен камсыз болушу- 82,5%, ал эми 14,5% ата-энелер тарабынан камсыз болгон.
Адабий китептердин саны- 3475
КРББиМ тарабынан жыл сайын мезгил-мезгили менен предметтик окуу китептери толукталып жаңырууда. Бүгүнкү күндө кызматташып жаткан эл аралык уюмдар болуп саналган Ага-Хан, Мэрсико, GIZ фонддору аркылуу кесипке багыт берүү , таза колдор, ден соолук, сангигиена , улуттук баалуулуктар темасындагы окуу-методикалык китептер, адабияттар, постерлер менен камсыз болгон. Жаңы китеп базасы ОШ-1, Д-10 отчеттуулугу автоматташтырылган.

4. Мониторингдер өз убагында жүргүзүлөт. Окуу жылынын жыйынтыгы менен ар бир аткарылган иштердин, иш чаралардын натыйжасы талкууланып күчтүү жана алсыз жактары аныкталып, чечимдер кабыл алынат жана милдеттер коюлат.

5. Психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн мугалимдер арсында өз ара сый мамиледе болуу , мугалимдердин ар намыс кодекси иштелип чыгып, бекитилип, аткарууга алынат. Бул эрежелердин сакталышы үчүн педагогикалык кеңешмеде этика комиссиянын курамы түзүлүп иш алып барат. Мектепте профилдик комиссиялар түзүлүп анын курамында улуу кичүү муундагы педагогдор, кадыр барктуу кызматкерлер, гендердик теңчилик эске алынып, гумандуу мамиле кылуу каралган. Кызматкерлер, окуучулар арасында бири-бирине